# Менин атымды укканда мага салават айтпаган адам - сараң адам

Хусайн бин Али бин Абу Талиб (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Менин атымды укканда мага салават айтпаган адам - сараң адам".
[Сахих (ишенимдүү)] [رواه الترمذي والنسائي في الكبرى وأحمد]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) анын атын, куниясын же сыпаттарын укканда салават айтпай коюудан эскерткен. Мен эскерилгенимде мага салават айтпаган адам чыныгы сараң деген. Бул бир канча маанини билдирет: Биринчи: Бул аз да, көп да чыгым болбой турган, байлык да, күч да коротпой турган нерсеге сараңдык кылуу. Экинчи: мындай адам өзүнө-өзү сараңдык кылып, айтылган салаваттын сообунан куру калат. Анткени ал салават айтпай, сараңдык кылды жана өзүнө жүктөлгөн милдетти аткаруудан тыйылды жана анын аткарылышынын артынан келген сооптон да кол жууду. Үчүнчү: Пайгамбарга салават айтуу анын кээ бир акыларын берүү болуп эсептелет. Ал бизге динди үйрөттү, туура жолго багыт берди, Аллахтын динине чакырды, аян-кабарды жана шариятты таратты. Ал Аллах Тааладан кийинки эле биздин туура жолго түшүүбүзгө себепкер болду. Ошон үчүн ким ага салават айтпаса, ал өзүнө-өзү сараңдык кылат. Анын аз гана акысын бере албай пайгамбарына да сараңдык кылат.